**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН Ч.АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ**

**Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**К.КАРАСАЕВ АТЫНДАГЫ БИШКЕК МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д 10.20.616 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШИ**

***Кол жазма укугунда***
***УДК: 82-8:82.9(575.2)(04)***

**КАЙЫПОВА КЕНЖЕГҮЛ ӨМҮРОВНА**

# АСАН ЖАКШЫЛЫКОВДУН ПРОЗА ЖАНРЫНДАГЫ ИЗДЕНҮҮЛӨРҮ

10.01.01 – кыргыз адабияты

Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2021**

Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы тил жана адабият институтунун кыргыз адабияты бөлүмүндө аткарылды

| | |
|---|---|
| **Илимий жетекчи:** | **Эгембердиева Аида Абдыжапаровна,** филология илимдеринин доктору, доцент, И.Арабаев атындагы КМУнун алдындагы МТМИнин Кыргыз адабияты жана аны окутуунун технологиялары кафедрасынын башчысы |
| **Расмий оппоненттер:** | **Искендерова Суусар Искендеровна,** филология илимдеринин доктору, К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин Үзгүлтүксүз жана аралыктан билим берүү институнунун педагогикалык билим берүү жана инновациялык технологиялар кафедрасынын башчысы |
| | **Станалиева Гүлзада Мыктыбековна,** филология илимдеринин кандидаты, Кыргыз-түрк «Манас» университетинин журналистика кафедрасынын ага окутуучусу |
| **Жетектөөчү мекеме:** | Ош мамлекеттик университетинин кыргыз адабияты кафедрасы. Дареги: 723500, Кыргыз Республикасы, Ош ш., Ленин көч., 331 |

Диссертация 2022-жылдын 19-январында саат 13.00дө Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы тил жана адабият институту, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды коргоо боюнча Д 10.20.616 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот, дареги: Бишкек шаары, Фрунзе көчөсү - 547

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын борборлоштурулган илимий китепканасынан (720071, Бишкек ш., Чүй просп., 265а.), Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (720033, Бишкек ш., Фрунзе көч., 547) жана К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин китепканаларынан (722044, Бишкек ш., Ч.Айтматов просп., 27), ошондой эле Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын вебпорталынан https://vc.vak.kg/b/ds--r3q-rf9-gyb шилтемеси аркылуу таанышууга болот.

Автореферат 2021-жылдын 17-декабрында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**филология илимдеринин кандидаты** **Ыйсаева Н.Т.**

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөө темасынын актуалдуулугу.** Асан Жакшылыковдун алгачкы «Таңдын ырахаты» (1969) китебинен тартып, акыркы жылдары жарык көргөн «Кыя жол» (2019), «Бүркүт уя» (2019) китептерине чейинки 50 жыл ичинде жараткан чыгармалары ар кайсы убакытта адабиятчылардын, сынчылардын, изилдөөчүлөрдүн көңүл чордонунда болуп, ар кандай баалар берилип келди. Анын чыгармаларына К.Асаналиев, К.Артыкбаев, А.Садыков, А.Акматалиев, С.Байгазиев, О.Ибраимов, С.Карымшаков, Л.Үкүбаева, К.Байжигитов, С.Тиллебаев, М.Жумаев сындуу көрүнүктүү адабият изилдөөчүлөрүнөн тартып, карапайым окурмандарга чейин сереп салып, ойлорун айтышкан. Ал пикирлердин бардыгы жазуучунун чыгармачылыгы туурасында 2005-жылы жарык көргөн "Асан чакырык" китебинде орун алган. КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил, адабият институтунда жарык көргөн "Кыргыз адабиятынын тарыхынын" 10 томдук эмгегинин 8-томунда азыркы кыргыз адабиятынын өкүлдөрүнүн катарында Асан Жакшылыковдун чыгармачылыгы атайын адабий портрет катары киргизилген.

50 жылдык чыгармачылык өмүрүндө Асан Жакшылыков чакан лирикалык ырлардан тартып ыр түрмөктөрдү, поэмаларды, ыр менен жазылган романды жаратты. Союз урагандан кийинки советтик адамдын турмушундагы оош-кыйыштарды, анын жан-дүйнөсүндөгү бурулуштарды чагылдырган аңгемелерди жазды. Кыргыздын кечээги, бүгүнкү, эртеңине байланышкан маданий көрүнүштөрдү сөзгө алган эссе-публицистикаларды жаратты. Өз кезегинде адабият таануу жаатында теориялык ойлорду айтты.

Жазуучу кайсы жанрда иштебесин, алардын бардыгы идеялык жактан бирин-бири толуктап, бир бүтүндүктү түзөт. Теманын актуалдуулугу Асан Жакшылыковдун буга чейин сөзгө алына элек прозалык чыгармаларын (аңгемелерин, эсселерин, публицистикаларын) изилдөөнү максат кылганыбызда. Кыргыз профессионал адабияты совет доорунда жаралып, көркөм чыгармаларга берилген илимий баа дагы ошол мезгилде калыптанды. Коммунисттик партиянын идеологиясы калемгер-жазуучуларга, сынчыларга жана изилдөөчүлөргө таасирин тийгизип келди. Айрыкча Асан Жакшылыков сыяктуу автордун чыгармачылыгында ой эркиндиги басымдуулук кылып, поэзиядагы образдуу сүрөттөөлөрдүн чегине батпай, медитациялык көңүл абалына өсүп жеткен ырларды, поэмаларды камтыды. Улуттук нерселер жөнүндө али сөз кылууга эрте учурда ал жазган эне тил, "Манастын" тегеретесиндеги ойлору орун алды. Асан Жакшылыковдун чыгармачылыгындагы көркөм прозасына жаңыча баа берилиши да **теманын актуалдуулугун арттырып турат.**

**Диссертациянын темасынын илимий мекемелер жүргүзүп жаткан ири илимий программалар, негизги илимий-изилдөөчүлүк иштер менен байланышы.** Аталган изилдөө Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы тил жана адабият институтунун илимий-изилдөө иштеринин тематикалык планы менен дал келет.

**Изилдөөнүн максаты.** Кыргыз профессионал адабиятындагы Асан

Жакшылыковдун көркөм дүйнөсүн илимий анализге алып, чыгармачылыгын системалаштырып, жанрдык жактан классификациялап, обьективдүү баа берүү. Калемгердин чыгармачылык калыптануу жолун аныктап, проза, эссе жанрындагы жаңычылдыгын конкреттүү мисалдар менен көрсөтүп, артыкчылыгын, кемчиликтерин карап чыгуу. Кыргыз адабиятына кандай жаңылык алып келгендигин, замандаш калемгерлеринен эмнеси менен айырмаланып турарын аныктоо.

**Изилдөөнүн милдеттери.** Буга ылайык диссертацияда төмөнкү милдеттер коюлган:

1. Асан Жакшылыковдун көркөм дүйнөсүнүн эволюциялык калыптаныш жолун анализдөө;

2. Калемгердин проза жанрындагы изденүүлөрүн талдоого алып, башка жазуучулардан айырмаланып турган өзгөчөлүгүн жана жаңычылдыгын көрсөтүү;

3.Жазуучунун көркөм прозасын жаратууда сөз менен иштөө маданиятын, чыгармаларынын поэтикасын аныктап, конкреттүү мисалдар менен аныктоо;

4. Асан Жакшылыковдун көркөм дөөлөттөрүнө баа берүүдө теориялык-методологиялык негиздерди аныктап, бааланбай келген жана субъективдүү мамиле жасалып калган жактарына объективдүү баа берүү;

5. Аңгеме менен эсселерине басым жасап, андагы тематикалык, багыттарын көркөм-эстетикалык табылгаларын дүйнөлүк эссеистика жанрындагы классиктердин эсселери менен салыштырып карап чыгуу;

**Иштин илимий жаңылыгы.** Асан Жакшылыковдун проза жанрындагы чыгармаларына, башкача айтканда, аңгеме, эсселерине биринчи ирет сереп салынып, аларга комплекстүү баа берилип, системалуу каралгандыгы. Аңгемелеринин идеялык-көркөмдүк деңгээли, образ түзүү өзгөчөлүгү, сюжеттик-композициялык курулушу, поэтикалык каражаттарды пайдалануу чеберчилиги көрсөтүлгөндүгү. “Эссе” жанрындагы чыгармаларын иликтөө менен аталган жанрдын кыргыз адабиятында орун-очок алып, жашап кетүү, анын бүгүнкү коомго, азыркы окурмандардын көңүлүнө шайкеш келүү мыйзам ченемдүүлүктөрүнүн ачылгандыгы.

**Изилдөөнүн теориялык мааниси.** Бул илимий изилдөөнүн тыянактары, кыргыз адабиятынын өкүлү болгон Кыргыз Республикасынын эл жазуучусу Асан Жакшылыковдун чыгармачылыгы боюнча айтылган ой-пикирлер бизден кийинки изилдөөчүлөргө материал болуп бермекчи. Асан Жакшылыковдун аңгеме, эссе жанрынын өзгөчөлүгү тууралуу ойлор кыргыз адабиятында эң кийинки учурда калыптанып баштаган эссе жанрынын орун-очок алуу тажрыйбасына негизги мисал болот.

**Диссертациялык иштен алынган натыйжалардын практикалык мааниси.** Изилдөөнүн жыйынтыктарын жана материалдарын Асан Жакшылыковдун чыгармачылыгын окутууда, XX кылымдын 60-70-жылдарында адабиятка келген муундун чыгармачылык тажрыйбасын ачып берүүдө, студенттерге курстук, дипломдук, магистрлик иштерди жаздырууда, атайын курстарды өтүүдө, окуу куралдарын даярдоодо колдонууга болот.

Коргоого коюлуучу негизги жоболор:

1. Асан Жакшылыковдун чыгармачылыгынын эволюциялык өсүшүнө тарыхый шарт, социалдык-экономикалык жагдайлар жана көркөм сөзгө болгон дээриндеги таланты таасир эткен.

2. Калемгердин кыргыз жыттанган каармандарынын образынын көркөм иштелип чыгышына советтик мейкиндикте өкүм сүргөн «деревенская проза» агымы чоң таасир берип, мунун өзү жазуучунун жалпы чыгармачылыгындагы боёкторду байыткан.

3. Жазуучу аңгемелеринде образдарды көркөм иштеп чыгып, ар башка каармандарды типтүү образга айланта алган. Бул өңүттө көркөм сөз каражаттарын орундуу пайдалануу аркылуу зор идеялык-эстетикалык функцияны аткарган.

4. Батыштын философиялык көз караштары жана чыгыштын диний багыттары (буддизм, даосизм, дзен-буддизм, сопучулук) менен терең таанышып, кыргыздын теңирчилик диний ишенимине карата жеке көз карашы бар экендиги эсселеринде байкалат.

5. Эссе жанрындагы талыкпаган эмгегинин аркасында жазуучу бул жанрдын кыргыз адабиятында калыптанышына, өнүгүшүнө, кеңири жайылышына бирден-бир салым кошту.

6. Асан Жакшылыков кыргыздын проза жанрына идеялык-тематикалык, жанрдык, көркөм-эстетикалык жактан салым кошуп, адабияттын тарыхында өз ордун таба алды

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Темага тиешелүү илимий-теориялык, фактылык материалдарды талдоого алуу, айкалыштыруу аркылуу жыйынтыкталган корутундулар изденүүчүнүн жекече салымы болуп эсептелет. Асан Жакшылыковдун аңгеме, эсселеринин адабият таанууда изилденишин жана баалуулук катары изилдөө зарылдыгын аныктады. Жазуучу тууралуу мурда-кийин жазылган эмгектерди системалаштыруу, иликтөө иштерин бүгүнкү күндүн көз караштарын эске алуу менен ишке ашыргандыгы.

**Диссертациянын натыйжаларынын апробациясы.** Диссертациялык иштин жыйынтыктары боюнча республикалык жана эл аралык илимий конференцияларда баяндамалар жасалган.

**Илимий иштин жыйынтыктарынын жарыяланышы.** Иштин негизги мазмуну «Асан Жакшылыковдун проза жанрындагы изденүүлөрү» деген аталыштагы монография ирээтинде басмага даярдалып жатат. Мындан тышкары ЖАКтын талабына жооп берген басылмаларда 11 макала, РИНЦ каттамындагы журналдарда 5 макала, мезгилдүү басма сөздө 1 макала («Тил жана маданият» гезити, 2018-жыл, 29-май, № 138) жарык көргөн.

**Иштин структуралык түзүлүшү.** Диссертация киришүүдөн, ар бири өз ичине үчтөн параграфты камтыган эки главадан, корутундудан жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат. Иштин көлөмү – 165 бет.

# ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** теманын актуалдуулугу, изилдөөнүн максаты, милдеттери илимий жаңылыгы, илимий-теориялык, практикалык мааниси, коргоого коюлуучу негизги жоболор, изилдөөчүнүн илимге кошкон салымы, изилдөөнүн натыйжаларынын апробациясы чагылдырылды.

Иштин **"Асан Жакшылыковдун проза жанрындагы изденүүлөрү жана аны изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздери"** деп аталган **биринчи главасынын «Асан Жакшылыковдун жалпы чыгармачылыгынын бизге чейинки изилдениши"** деп аталган **биринчи параграфында** алгач аңгеме жана эссе боюнча айтылган орус адабият таануусундагы пикирлерге токтолуп, биз сөз кылып жаткан жазуучунун чыгармачылыгындагы ал жанрлардын орун алышын, жаралыш мыйзам-ченемдүүлүктөрүн аныктадык. Жазуучу жөнүндө бизге чейин мезгилдүү басма сөздө жарык көргөн жана алардын көбү кийин акындын "Асан чакырык" китебине кирген, макалаларга, алардагы келтирилген сын-пикирлерге, анализ-талдоолорго өз оюбузду билдирдик.

Кыргыз Республикасынын эл жазуучусу Асан Жакшылыковдун аңгемелери жана эсселери, анын бул жанрлардагы чыгармалары тууралуу изилдөөлөр, адабий сындар жана макалалар изилдөөбүздүн обьектиси болмокчу. Ал эми предмети Асан Жакшылыковдун чыгармаларынын т.а. прозасынын идеялык-эстетикалык, жанрдык-стилдик өзгөчөлүктөрү. Изилдөөдө тарыхый, салыштырма, аналитикалык методдор пайдаланылды.

Асан Жакшылыков коомчулукка негизинен акын катары белгилүү болуп, поэтикалык жыйнактары окурмандар тарабынан жылуу кабыл алынганын, алар тууралуу карапайым окурмандардан тартып окумуштууларга чейин ой-пикир, сын жазган учурлар арбын болгонун жогоруда айттык. Буга анын чыгармачылыгы тууралуу жазылган макалалардан турган "Асан чакырык" (2005) аттуу китеп күбө. Ошол эле китептин ичинде акындын проза жаатындагы изденүүлөрү туурасында пикирлер бар. Аларда көбүнесе акындын аңгемечилик жөндөмүн орустун жазуучусу Шукшиндики менен үндөштүргөн ойлор орун алган. Сын, макала жазган авторлордун бардыгы тең аңгемелердеги юмордун, сатиранын орун алгандыгын бир ооздон белгилешип, акын ошонусу менен коомдогу оош-кыйыш көрүнүштөрдү катуу сынга алгандыгын айтышкан. Айталы, Асан Жакшылыковдун "Элет аңгемелери" тууралуу жазган А.Акматалиев, Ч.Өмүралиев, А.Иманбаев, Ы.Кадыров, М.Жумаев, Л.Үкүбаева, К.Сыдыкова, С.Тиллебаев, А.Эгембердиева, С.Арипов, М.Болот ж.б. илимпоз, жазуучу, калемгерлердин макалалары бар. Ал тургай Асанбек Иманбаев: "... прозаларын, тайманбай эле айтып коеюн, буларды кыргыз адабиятындагы жаңылык катарында кароо керек" [Иманбаев, А. Бермет ой чөккөн беш томдук.- Бишкек: Кыргызстан маданияты,1999.] – деген пикирин айтат.

Асан Жакшылыков 1999-жылы өзүнүн беш томдугун жарыялаганда, буга чейин эч жерде жарык көрбөгөн анын "Элет аңгемелери" ошондо биринчи жолу аталган китептин 4-томуна кирген. Кийин 2005-жылы "Ыр

дүйнө жана элет аңгемелери" өзүнчө китеп болуп жарыкка чыккан. Буга чейин эсселери, публицистикалык макалалары гезит беттерине кезек-кезеги менен жарыяланып турганы менен авторду кара сөзчү катары коомчулук биле берген эмес. Буга дагы башка ар кандай себептер бар. Кайра куруу мезгилинен тартып жалпы маданият-адабиятыбызга кызыгуу басаңдап, оокат деп кара жанды карч урмай, жашоо үчүн күрөш, соода-сатык көрүнүштөрү алдыга чыгып, коомчулуктун көөнү руханий эмес, материалдык негизге бурулду. Жеңил-желпи басылмалар үстөмдүк кылып, тереӊ ой жүгүртүүгө анчейин көңүл бурулбагандык жана бара-бара диний радикалдашуу жолуна да түшкөндүк өзүнүн кедергисин тийгизди. Ошого карабастан таланттуу акын-жазуучуларыбыздын катарында Асан Жакшылыков эстетикалык өзүнчө көз карашка ээ автор катары чыгармаларын байма-бай жарыялап талыбай иштеп келди. Ушинтип факт көрсөткөндөй, аталган жазуучуну Аалы Токомбаевден кийинки бир топ акын-жазуучулардай эле адабий жанрлардын бардык түрүндө (поэзия, проза, драма, көркөм котормо) эмгек жараткан универсал калемгерлердин бири, көп кырдуу талант десек болчудай. Мунун өзүн анын чыгармачылыгынын жанрлык өсүүсүнөн, горизонтунун, жазуучулук чабытынын кеңдигинен улам байкайбыз.

**"Асан Жакшылыковдун чыгармачылык эволюциясы же поэзиядан прозага өтүү"** деген **экинчи параграфта**, аты эле айтып тургандай, эл жазуучусунун алгач колуна калем кармаган күндөн тартып эң кийинки учурга чейинки жалпы чыгармачылыгына экскурс жасалып, чыгармачылыгынын урунттуу учурлары жана изденүүсүнүн көп кырдуулугуна байланышкан маселелер сөзгө алынды. Акын адабиятка келген мезгил XX кылымдын айтылуу алтымышынчы-жетимишинчи жылдарына туура келип, жалпы совет адабиятынын, анын ичинде кыргыз адабиятынын эң эле гүлдөгөн доору эсептелген мезгил болгон. Илимий-техникалык революциянын тездеши коомдогу адам баласынын аң-сезимине чоң таасирин тийгизип, андан дагы 1961-жылы адамдын, болгондо дагы советтик адамдын, Юрий Гагариндин космоско учушу адам мүмкүнчүлүгүнүн чексиздигинен кабар берип, айрыкча советтик адамдарга канат байлаткан. Чыгармачылыгы түзмө-түз Гагариндин космоско учушу менен байланыштуу экендигин маектеринде баса белгилеген Асан Жакшылыков дал ошол айтылуу муундун – алтымышынчы-жетимишинчилердин өкүлү экендигинин өзү көп нерсени айтып турат.

"Алтынчы, жетинчи класстардан баштап жаздым. Гагарин учкан мезгилде "Кыргызстан пионери" гезитине чыккан. Адам жаз келгенде бир делбирттейт. Ошол жазда, 12-апрелде Гагарин учту. Бүт дүйнө кошо учкандай сезим пайда болду. Ошол учурда Бородин деген кошунабыз бар эле. Ал мал доктур болчу. Гагарин, Барадин болуп уйкашып атпайбы. Анан "Майор байкем Гагарин асманды айланып учууда, мал доктур байкем Барадин үйүндө, казанда эти бышууда" деген ой келип уйкашкансып атпайбы. Ал ууз козуну, төл башыны ооз тийип атса, Гагарин учуп атпайбы" – деп эскерет өзү биз менен болгон бир маегинде. Болочок акындагы кыялдын ошол учушу аны кийинки поэзия жолунда коштоп жүрүп отурган. Негизинен акындын поэзиядагы маанайы, настроениеси ошол бойдон сакталып калган. Бүгүнкү

күндө дагы аны шаттыктын акыны катары кабылдоого болот. “Жерден жарака кетсе, ал акындын жүрөгү аркылуу өтөт” демекчи, ортодо кандай гана доор өзгөрүүлөрү болбосун, кыйынчылыктар болбосун, жүрөгүн тепчип өткөн менен акындын жалпы поэзиясында кызыл сызык сыяктуу ошол учуштагы кубанычтын өңү сакталып кала берген.

Биз өзүбүздүн кандидаттык ишибизде акындын проза жана эссе жанрындагы чыгармаларын анализдөөнү, иликтөөнү максат кылсак дагы, анын жалпы чыгармачылыкка алган багытын, изденүүлөрүн дагы шартка ылайык сөзгө алдык. Ооба, эл бүт жапа тырмак китеп окуган, адабиятка каалаган кесиптин өкүлү өзүн ашкере жакын сезген абал ошол мезгилден башка эч бир кезге мынчалык тиешелүү эмес.

Спутник жерден космоско кандай багыт алса, Асан Жакшылыков дагы адабиятта эң алгачкы “Таңдын ырахаты” (1959) китеби менен ошондой старт алып, 50 жылдын ичинде эң таланттуу, эң иштерман, эң кужүрмөн акын гана жетишүүсү мүмкүн болгон ийгиликтерге жетишип, элинин китеп текчесине ар түрдүү жанрдагы салмактуу китептерди берди. Алар: “Таңдын ырахаты” (1969), “Улуу шашке” (1977), “Жайлоодо” (Балдар үчүн ырлар, 1977), “Бейпил көктөм” (1979), “Белес” (1981), “Макмал төр” (1983), “Ыклас” (1985) ырлар, “Ысык-Көл сонатасы” (1989) ырлар жана поэмалар жыйнактары, “Мээрим” (1987) поэмасы, “Көкөй кести” (1993) драмалык поэмасы, балдарга арналган “Жайлоодо” (1977), “Жазгы байыр” (1995) жыйнактары, Тандалмаларынын 5 томдугу (1999), “Обондуу ырлары” (2000), “Учкул саптары” (2000), “Махабат жазынын сулуулугу” (2000), “Учкул ойлор” – “Крылатые мысли” (2003), “Эстутум” (2005), “Асан чакырык” (2005), “Ырлар жана элет аңгемелери” (2005), “Кыргыз жолу” (2006), “Ыр чабыт” (2008) поэмалар жыйнагы, “Кыргызчылык” (2009), С.Осмонов менен авторчулуктагы “Махабатка кездешүү” (2009), “Бүркүт уя” (2019), “Кыя жол” (2019), “Залкарлар жана замандаштар” (2019) – булар акындын элге берген жемиши. Анын ар түрдүү жанрдагы чыгармалары бирин-бири логикалык жактан улайт.

“20 000 000
Жыйырма миллион.
Миллиондон жыйырманы
тагдыр кыйнап,
согуш кырган.
Боор көтөрүп жер бетинен,
бойду козгоп турбас кылган
жылас согуш.
20 000 000
“Эки” деген сан артында
турат нөлдөр тизилишип,
бул нөлдөргө жетпейт санат:
он эсе көп тоо калкынан,
жыйырма эсе көп,
а, мүмкүн андан дагы көптүк кылат;
суунун муздак тереңинен,

алда канча терең бул 20 000 000;
мынча өмүргө теңдешээр бийиктик жок.
Нөлдөр кадим мүрзөлөрдүн казанагы
сыяктанып,
көңдөйлөнүп, корумдалып,
ар бир нөлгө бир миллион
батып турат адам сөөгү
күлгүн жапжаш" [Жакшылыков, А.Тандалган чыгармалар I том "Таазим" ыры. – Бишкек: Кыргызстан, 1999].

Канчалаган өмүрлөр кыйылып, кан суудай агып, ата-эне баладан, бир туугандар бири-биринен ажырап, зайыптар жарынан айрылып, адам баласынын жан дүйнөсүн титиреткен алааматты жүрөгүнөн өткөрө жазып, жыйырма миллиондун сандык эсебин ар түрдүүлөп элестеткен акын сандардын чегин суунун тереңдигинен, бүтүндөй бир элдин – кыргыздардын эсебинен издейт. Нөл санын көрдүн казанагына салыштырып, жоготуунун кайгысын, ыйдын чексиздигин образдуу берет. Акындын ыры ички ой толгоолордон, күчтүү сезимден чыккандыгы байкалып турат. Окурмандардын бири Жайлообек Жумалиев "Мезгилге үндөшүп" аттуу макаласында: "Акынды жер тагдыры, адам тагдыры, бейпил турмушту толук сактоо маселелери толгондурат. Жалпы адамзатты поэзиянын кудурети менен тынчтыкка үндөйт. "Таазим" аттуу ырынын ар бир сабы каңырыкты түтөтүп, согушка наалат айттырат" [Жумалиев, Ж.  Мезгилге үндөшүп. – Фрунзе.: Кыргызстан маданияты,1979.] – деп жазат бул ыры тууралуу.

А.Жакшылыковдун поэзиясындагы мындай публицистикалык маанай Кыргызстан эгемендүүлүктү алган алгачкы мезгилде ого бетер өскөн. "Улуттук идея" маселесине баш оту менен киришип, бир топ поэмаларын жаратты. Лирикага сыйбай, ойлору ыр циклдерине, андан өсүп барып поэмаларга табигый түрдө өсүп жеткен акын өз кезегинде жалаң поэмалардан турган, ичинде жыйырмадай поэмасы камтылган "Ыр чабыт" (2008) аттуу жыйнагын окурмандарга тартуулады. Поэмалардын ар бири коомдогу ар башка көйгөйдү көтөрүп, логикалык жактан бириндеги айтылган ойду экинчиси улап, өөрчүтүп-өстүрүп турат. Кыргыз идеологиясын табуу, конституциялык мыйзамдуулукту бекемдөө, эгемендүүлүктү өөрчүтүп-өстүрүү багытында айтылган ойлору, поэзия дагы, проза дагы жанрларында ишке ашып турду. Өзү да кыргыз адабиятында көп кырдуу, универсал талант катары таанылды. Лирик акындан эпик акынга, ойчул философко, даанышман инсанга өсүп жетти. Тарыхый поэмаларынын өзгөчөлүгү – ал жеке бир инсандын өмүр таржымалын, тарыхын, окуясын, баатырдыгын, эрдигин чагылдырып эмес, жалпы адамзаттын тарыхын чагылдыруу тепкичинде тургандыгы, уруулук, улуттук эмес, дүйнөлүк, адамзаттык мааниде ой айта алгандыгы.

Ал эми акындын проза жанрындагы публицистикасына "Эстутум. Манас дүйнө тааным. Кыргыз көчмөн цивилизациясы" (2005), "Кыргыз жолу" (2006), "Кыргызчылык" (2009) сыяктуу соңку китептери эң сонун күбө болуп бере алат. Ириде улуттук духту, улуттук ар намысты бийик даражага алып

чыгуу, дүнүйө элдеринин алдындагы татыктуу кадыр-барк, улуттук ариет үчүн талыкпай күрөшүүгө замандаштарын шыктандыруу, улуттук эркти чыңдоо жана ушул сапаттардын негизинде аң-сезимдин, түшүнүктүн күрдөөлдүү өнүгүшүнө карата натыйжалуу аракеттенүү зарылчылыгын жаратуу да Асан Жакшылыковдун калемине тиешелүү десек ылайык келет. Айталы, “Эстутум” китебинде акын: “Адам деген бийик наамдын ээси экениңди, кыргыз экениңди эсиңден чыгарбай, эл болуунун өзөгү, эне сүтү менен бүткөн эне тилиңди сактап, ата-бабалар аздектеп, мураска калтырган каада-салттарыңды, жандүйнө чырагы ыйманыңды, дилиңди ыйык тутуп, өзүңдүн ушул кенчтердин ээси кыргыз экениңе сыймыктан. Жалпы адамзат цивилизациясынын шарданынан калышпай, илимге ээ болуп, алга умтулсаң элиң да, сен да, мен да алган боломун” [Жакшылыков, А. Эстутум. Кыргыз көчмөн цивилизациясы. Манас дүйнөтааным. –Бишкек.: Бийиктик, 2005.] – деп жатат. Эне тил, ыйман, каада-салт тууралуу акындын ойлору мындан башка дагы көптөгөн эсселеринде негизги тема катары берилет.

Ооба, акын публицист, эссеист катары ыр жазуу менен гана токтоп калбастан, кара сөздө да өз дараметин сынаган. Ал кара сөздүн чебери катары аңгеме, публицистика, эсселери аркылуу кыргыз элинин оош-кыйыш жашоосун, улуттук менталитетин, элдин кулк-мүнөзүн, психологиясын ачып, чыгармачылык изденүүлөрү менен адабият казынасын байытты. Ошол эле “Эстутум” китеби элибиздин бай фольклорун, узун тарыхын, теңирчил дүйнөтаанымын, көчмөн цивилизациясын катар изилдеп, “кыргыз таанууга” өзгөчө жол издеген.

Демек, чыгармачылыгын ыр менен баштаган акын ырга батпаган ойлорун ыр циклдерге, поэмаларга, ыр менен жазылган романга өстүрүп, ырда айтылбаган же болбосо айтылышы мүмкүн болбогон ойлорун аңгеме, эссе жанрлары аркылуу алып чыгып, акын катары дагы, атуул катары дагы өзүнө тийиштүү озуйпаны абийирдүүлүк менен аткарды. Коомдогу эч бир маселе анын көңүлүнөн тыш калган жок. Ошентип, бул параграфта акын Жакшылыковдун аңгемечи Жакшылыковго жана публицист, же эссеист Жакшылыковго өтүшүндөгү мыйзам ченемдүүлүктөр каралды.

Аталган главанын **“Асан Жакшылыковдун аңгемелеринин идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүгү жана поэтикасы”** аттуу **үчүнчү параграфында** А.Жакшылыковдун элет аңгемелери орустун Шукшин аттуу жазуучусунуку менен үндөшүп кетээрин көркөм тексттерди бири-бири менен салыштыруу аркылуу анализдедик. А.Жакшылыков өзү аталган орус жазуучусунун чыгармачылыгы менен анчейин тааныш деле болбогондугун өзү белгилесе дагы чыгармачылыктагы үндөштүк менен окшоштуктар жазуучулук дүйнөтаанымдын бирдейлигине байланыштуу экендиги эки элдин кулк-мүнөзүнүн, андагы кейипкерлердин жашаган доорунун шартында салыштырылды. Ырларындагы жана эсселериндеги оор басырыктуулук анын аңгемелеринде такыр башка мүнөз алып, көбүнесе жеңилдикке, тамашөкөйлүккө өткөндүгүн белгиледик. Жазуучу өзү жашаган доордун картинасын кыргыз адабиятында башка эч кимдикине окшобогон боёктор менен берип, өзү катуу таасирленген залкар жазуучу Чыңгыз Айтматовдун

калеминен жаралган чыгармаларга таптакыр окшобогон өз чыгармачылык сүрөтүн тарткан. Аңгемелердеги ойлордун өнүгүшү андагы кейипкерлердин бириникине бириники окшобогон кыял-жоруктары аркылуу ишке ашкан.

Элет аңгемелерин жазуучу элге эң тааныш болгон элеттин тили менен берет. Жасалмасыз турмуш чындыгы жасалмасыз тилде ого бетер ажарына чыгып, күнүмдүк көйгөйдү аңгемелердеги тамашалуу тагдырлар азга болсо дагы унуткартат жана андагы окуялар, сюжеттер, образдар кыттай болуп көңүлгө уюйт. Бул өзгөчөлүктөр аңгемелердеги Айдаке, Чогулдур, Бокил (“Карагайчылар”), Сейдикерим (“Сейдикерим”, “Сый”), Ошур (“Мүчө”, “Кызмат”), Султанбай (“Султанбай дүкөнчү”), Усубалы (“Түнкү сапар”), Мамбет (“Кодура”), Момун (“Момун”), Бакыткелди (“Чоң кызматкер”), Нурак, Батыйпа, Жаналы, башкарма (“Тууганга түтпөгөн көңүл”), Даңкил (“Даңкилдин ооматы”) сыяктуу каармандардын жашоосу аркылуу чагылдырылган.

“Сейдикерим” менен “Сыйдын” поэтикасына келсек, экөөндө тең үлп эткен жел, шуудур эткен жалбырактын добушу угулбайт. Күн кантип чыгып, кантип батканы сезилбейт. Айлана ың-жыңсыз. Тек гана бир үй-бүлө өз көйгөйү менен өзү. Жазуучуну учурдагы процесске караганда окуялардын өнүгүшү көбүрөөк кызыктыргандай. “Сейдикеримде” сюжеттик линия негизги каармандын жайынча өңдөнгөн турмушундагы кенемте – тукуму жоктук, аны толтуруу үчүн болгон аракет, натыйжа, жалгыз уулунун класстан класска көчпөй калган оор тагдыры менен гана чектелет. Болбосо жаңы аялынын жооштугу, эрди-катындын ортосундагы ылымта, беш кызынын ымыркайды көтөрүшүп багышканы сүрөттөлгөнү болбосо, тереңдетилген эпизоддор жок. Болгону төрт жарым беттик аңгемеде ымыркайдын жарык дүйнөгө келип, ийгиликсиз тукумга айланган тагдыры бар.

“Даңкилдин ооматы” аңгемесинде болсо коомдогу кечээки ыйманы таза, кимге болбосун жардамын бере жүргөн адамдын демократиянын келиши менен адамдык бийик ыймандан кетип, чет элдиктерден кем калбай сойкукана, сауна ачып, ачык эле кыздардын денесин сатып, абийирдин кеткенин жаны кейип айтып жатат. Моралдык-этикалык жактан тазаланышыбыз керектигин билдирет. Өз кезегинде ушул эле ойлор акындын публицистикасында, эсселеринде терең орун алганын жакшы билебиз. Биз жогорку бөлүмдөрдүн биринде көрсөткөндөй, акын Ата Журттун кечээгиси, бүгүнкүсү, эртеңкиси тууралуу агынан төгүлө сөз кылып, аны ар башка ракурстан карайт. “Ала-Тообуз бар...” аттуу эссесинде: “Бүгүн кыргыз эли өзү менен эле өзү жеке жашап жаткан жери жок, айланасы ар кылка эл. Бир жагы дүйнөгө небак чарк-чамасы тараган кулачы кенен улуу орус, экинчи бир чоң кошунабыз кылымдарды карыткан кысырдуу кытай калкы, кыргыз өмүрүнүн дайрасы бул эки зор рухий кудуреттин ортосунда агып жатат, ушунун өзү эле эмне деген жоопкерчилик. Биз өзүбүзгө өзүбүз күйбөй калган калкпызбы? Сурма, коргошун, алтыныбыз түбү жок тешикке кетип жаткан жокпу, аны менен кошо Ала-Тоонун куту кетип аткан жокпу?

Ачык айтып, ак сүйлөсөк, азыр бир кызык заман келе жаткансыйт, ирегелеш жашаган элдерди мындай коёлу, эми чек аранын дарбазасы кеңири

ачылып, сырт дүйнө менен соода-сатык аябай күчөсө, четтен чөнтөгү дагы калың, ары эпчил, ары ыгын билген, айтор, жерибиздин байлыгын, элибиздин беймаралдыгын эч жаздымсыз көрүп турган чет элдин шылуун адамдары көрүнүп турган пайданы оп тартышы айдан-ачык нерсе; ушинтип замандын шарданы менен чоң алака башталганы турат, мындан качып кутула да албайбыз, "эл көчкөндө өрүү калган тентек" деген кеп бар эмеспи, акылга жол берип жана үйүбүздү тейлештире албай жатсак, конок кирип келгендей болбой, аттиң, улутубуздун чоо-жайын тезирээк тескеп алсак, ички-сырткы көп элдер менен эми алым-сатым жүргүзө турган өзгөчө кызык кырдаал түзүлүп турат".

Ички мазмунуна берилип биз андан узак үзүндү келтирген бул эссесин жазуучу 1991-жылы өлкө эгемендикти жаңы алып, эл эртеңки күнү эмне болоорун билбей, айласы кетип турган учурда болуп жаткан окуяларга бийиктен туруп көз салып, көйгөйдү көрөгөчтүк менен көрсөткөн. Эссесинде айтылбай калган ойлорун ар түрдүү, бири экинчисине окшошпогон каармандары аркылуу аңгемелеринде, анда калып калганын же эң маанилүү ойлорун ырларында берип, акын үч башка аспап менен (ыр, аңгеме, эссе) узанган. Мунун өзү – Асан Жакшылыковдун жазуучу катары чоң бактысы жана ийгилиги. "Биздин ата-бабаларыбыз тоону кайтарып жашаган" таризиндеги ойлору дагы анын поэзиясында айтылган. Демек, Асан Жакшылыков ар бир күндү терең таразалап, өзү дагы элинин адабиятынын, маданиятынын сактоочусу катары дайыма бийикте, келе турган жоонун жолун тосуп турган жоокердей элесте көрүнөт.

Диссертациянын **экинчи главасы "Асан Жакшылыковдун эсселеринин идеялык-тематикалык өзгөчөлүгү"** деп аталып, ал үч параграфтан турду. **"Эссенин жанрдык өзгөчөлүктөрү"** деп аталган **биринчи параграфында** аталган жанрдын табияты тууралуу сөз болду. Эсседе прозанын элементтери турганы менен аткарган милдети, функциясы, эстетикасы, көркөмдүк бөтөнчөлүгү тарабынан көбүрөөк журналисттик ишмердикке, публицистикага ыңгайлашып турганы эссенин тулкусундагы ойлордон ачык байкалат. Ал кыргыз адабиятында башынан кеңири жайылган жанр болбогону менен, публицистика, жол очерки сыяктуу жанрларда өзүнүн алгачкы башталышын көрсөтөт. Биз дагы ага аныктама берип жатып, анын кечирээк жаралган жанр экендигин белгиледик. Көрүнүктүү орус жана америкалык акын, эссеист, драматург, котормочу, Нобель сыйлыгынын лауреаты Иосиф Бродскийдин бул өңүттө: "Тилдин, демек, жазуунун прогресси дегенде биз анын сандык жана сапаттык байышын түшүнүшүбүз керек. Жазуу тил чагыла турган форма болуп саналат. Каалаган форма мезгилдин өтүшү менен өз алдынча жашаганга аракеттенет, бирок ушундай, көз карандысыз субстанцияда туруп дагы (өзүнө отчет бербей туруп) өзүн жараткан функцияга кызмат кылуусун уланта берет. Биздин шартта: тилге. Байкалаарлык өз алдынчалыкка ээ болуу менен форма өзүнүн жеке мыйзамдарын, жеке диалектикасын, эстетикасын ж.б. түзөт. Бирок форма, кандай прогрессте болбосун, функцияга таасир эте албайт"–дегени бар.

[Бродский, И. Проза и эссе (основное собрание). http://royallib. com/read/brodskiy. ]

Ооба, аталган жазуучу “Проза жана эссе” деп аталган атайын жыйнагын теориялык ойлорду айтуу иретинде түзбөгөнү анык. Кеп башында гана ушул китебинин жаралышын түшүндүрүү иретинде жогорку ойлорду айтат жана эссени прозанын тулкусунан бөлүп алып, такыр башка жанр ирээтинде берет. Адабиятта акындыгына катар эссеист катары таанылган Нобель сыйлыгынын лауреаты балалыгы, ата-энеси, советтик доор, бийлик, андагы режим, еврейчилик, ага карата көрсөтүлгөн кысым, адабият, анын өкүлдөрү – Рилькеден тартып, Евтушенко менен Вознесенский жана өз оюнда бул экөөнөн жогору турат делген Белла Ахмадулина, ошондой эле Анна Ахматова, Марина Цветаева ж.б. ондогон бизге жакшы тааныш дагы, чоочун дагы акын-жазуучулар тууралуу жазган эсселеринде прозанын дагы, публицистиканын дагы элементтери орун алып, алар эссе аталышында китептин тулкусун түзөт. Биз бир жагынан И.Бродскийдин атайын айтылган теориялык ойлорун өзүбүздүн проза менен эссе экөө бири-биринен алысыраак жанрлар экендиги тууралуу ойлорубузга көмөкчү таяныч катары алып, Асан Жакшылыковдун кара сөздөгү чыгармачылыгын түшүндүрүүдө пайдаландык. Турмуштун, доордун, мезгилдин, өлкөнүн, адамзаттын көйгөйүн чагылдырган чыгармалар Асан Жакшылыковдо ансыз дагы эссе ирээтинде, ал эми ошол эле доордун, замандын, адамдардын образын көркөм сүрөттөлүштө, образдар менен берген чыгармалары элет аңгемелери ирээтинде көрсөтүлүп турат. Мында талаш жок. Болгону эсселер менен аңгемелердин прозага бирдей кирбеген жанрлар экендигин баса белгилөөнү максат кылабыз.

**Экинчи главанын “Асан Жакшылыковдун эсселеринде кыргыз дүйнө таанымынын чагылдырылышы”** жана **“Эсселердеги кыргыз адабият өкүлдөрүнүн бейнеси”** деп аталган эки параграфында жазуучунун эсселерине экскурс жасалып, Сагымбай Орозбаков, Тоголок Молдо, Токтогул Сатылганов, Чалагыз Иманкулов, Алыкул Осмонов, Сүйүнбай Эралиев, Рамис Рыскулов, Жолон Мамытов, Беганас Сартов, Тургунай Эргешов сыяктуу инсандар тууралуу жазылган эсселер жеке гана алардын өнөр сересиндеги бийиктигин ачып берүү менен чектелбей, ал жана андан башка эсселеринде жазуучу “Манас”, эл, тил, коом, кыргыздын руху, адеп-ахлак, маданият, адабият, поэзия, эл аралык байланыш, өлкөнүн дүйнөдөгү орду, дин, ишеним тууралуу ондогон орчундуу ойлорду көтөргөнүн көрсөттүк. Айталы, 1993-жылы жазылган “Манасчы Сагымбай улут рухун кармаган күч” аттуу макаласында Сагымбайдын манасчылык кудуретин, касиетин ачып берүү менен чектелбестен, “Манаска” жана манасчылыкка байланышкан он эки негизги ойду көтөрүп чыккан. Биринчиден, анда жазуучу манасчынын образын ачкан. Манасчылыктагы генийликти көргөзгөн; экинчиден, Сагымбай манасчынын “эл кор болбой түбөлүк жашап калса экен” деген таза тилегин далилдеп берген; үчүнчүдөн, “Манастын” Теңир тарабынан берилген “кыргызды кылымдар бою сактаган күч!” экендигин далилдеген; төртүнчү, “Манас” кыргыздын касиеттүү Ыйык Китеби!” – деп, көчмөн элдердин “Бхагавад-Гитасы”, “Бибилиясы”, “Кураны”, “Талмуду”, “Дхаммападасы”

менен тең катар коюп, баалаган; бешинчи, залкар манасчылар сөздүн чыныгы маанисиндеги апостолдор, пайгамбарлар, миссионерлер, гурулар менен айкашып тураарын айткан; алтынчы, "Манасты" айттырган касиетти кайра ак дилден чакырбасак, жапайы жаратылыштын шумдуктуудай ыйык күчүнө – манасчылар кабылдап келген кудуретке сыйынбасак, Сагымбайдай кайталангыс манасчыны берген эл ичиндеги салты тирилбесе, кайдан жаңы манасчы пайда болмок?" – деп "Манас" айтуу тек гана чыгарма аткаруудан такыр башка маанидеги өнөр экендигин баса белгилеп, анын келечегине тынчсызданган; жетинчи, "Кыргыздын тили укмуштуудай кубатка жетип, түз эле адам дилинен, алп манасчынын оозунан ыр куюлуп жатканы не деген кайталангыс керемет нерсе, – таланттуу болсо бөлөк элдер ушу кудуретке өздөрү жетип алсын да, эмне үчүн биз аттан түшүп алдына барышыбыз керек да, "Манасты" прозага айлантып, алдына талпактай жайышыбыз керек? Деги жасалма "Манасты" кантип бетибиз чыдап "Манас" дейбиз, бул түркөйлүк?" деп "Манасты" кара сөзгө, жөө жомокко айлантууга каршы турат; сегизинчи, "Манас" эпосу элибиздин санжыра-тарыхы, санат-насили, көркөм сөздөгү жомогу, акыл-чабыт кыялы, чындыкка сыйынган философиясы, ааламдын кеңдигин тааныткан космогеографиясы, жаратылышты изилдеген илими, сырткы карым-катнашка айланар жол тапкан дипломатиясы, эркиндигин коргогон эрдиги, элдин өлбөстүгүн издеген саясаты, айтор, жалпылап айтканда, миңдеген кылымдарды кучагына алган океан мүнөздүү кыргыз турмушунун бүткүл энциклопедиясы, демек, биз буга бүгүн чексиз сыймыктанышыбыз керек! Кыргыз эли небак эле "Манас" деген касиет ат коюп, жалаң керемет ырдан дүйнөдөгү уникалдуу энциклопедияны алгач түзгөн өзгөчө зирек касиеттүү эл. Балким энциклопедиялык көз караш бизден башталгандыр?" [Жакшылыков, А. Тандалган чыгармалардын. IV томдугу.- Бишкек: Кыргызстан,1999.] – деп элдин илимий ишмердигин тастыктаган жаңы ойдун башын чыгарат; тогузунчу, "Манас" элибизге ата мурас болуп мактаныш үчүн гана эмес, азаптан сактаныш үчүн да берилген!" – деп "Манастын" көркөм сөздүн баа жеткис үлгүсү экендигинен тышкаркы дагы функциясын ачып көрсөткөн; онунчу, "Манасты" бөлөк тилдерге которуу зарылчылыгын белгилеген; он биринчи, эгер баш калаабыз баштап, кыргыздын ар бир чоң шаарларында Сагымбайдын залкар ысымын алып жүргөн маданий мекемелер, борборлор, көчөлөр болбосо, тою өтмөйүн ысымын суу сепкендей унутуп койсок, баш калаабызда Манас атабыздын улуттук музейи болбосо, эгер көчмөн турмушту көрүп билген жазуучу, киночу, сүрөтчүлөрүбүздүн көзү бар кезде манастын, манасчылардын темасын ар түрлүү искусствонун жанрларында алып кала албасак, деги кимди күнөөлөйбүз?"– деп актуалдуу маселени козгогон; он экинчи, "Бир кездерде "Манаста" түрк элдеринин биримдигин козгогон нерселер көп деп да кыянаттык кылганбыз. Ооба, "Манаста": Кыргыздардан Байжигит, казактардан Айдаркан, кыпчактардан Таз чечен, нойгуттардан Ак Балта, ногойлордон эр Эштек, Түрктүн уулу Дамбылда, Аргын Каракожосу, Алчындардын Бообеги, Манжулуктун Догону, Наймандардын Көнөнү, Өзбектен Акунбек" – деп кеңеши бир, кеби бир, өйдө болсо өбөк, ылдый болсо

жөлөк, жакшылык көрсө төрү бир, жамандык келсе көрү бир түрк элдеринин табигый ынтымагы, биримдиги дайыма жашоодо зарылчылык экенин эске салат; муну турмуш өзү да далилдебедиби: деле “Манаста” эч качан түрк балдары биригип алып башка элдерге зордук-зомбулук көрсөткүлө деген сөз жок. Каны бир, жаны бир элдерибиздин гана өз ара биримдигинин зарылчылыгы өлбөс идеядай улам-улам эскертилип турат. Ушинтип, Сагымбайдын “Манасында” чоң саясат бар экендигин билдирген да багыт жатат – деле кайсы элден эмнени күтүүгө боло тургандыгын да ишарат менен түшүндүрөт” [Жакшылыков, А. Эстутум. Кыргыз көчмөн цивилизациясы. Манас дүйнөтааным.- Бишкек: Бийиктик, 2005.] – деп, Сагымбайдын “Манасынын” саясий жагын дагы козгойт.

Айтор, чакан эсседен суурулуп чыккан жогорку он эки орчундуу ой кыргыз маданиятынын, фольклорунун, адабиятынын дагы изилдөөчүлөрүнүн айта турган ою, биле турган маселелери экендиги талашсыз чындык. “Манаска” биз бүгүн эркин кайрылып, аны каалагандай аңтарып-теңтерип, оюбузга келген ойду айтып жатабыз. Ал эми эссе жазылган 1993-жылы бул темага даагандар да, даабагандар да болгон. Ошол шартта бир чакан эссеси менен ушунча ойду камырдан кыл суургандай сууруп чыгыш А.Жакшылыковдун “Манасты” эң кылдат, сергек туя билгендеги баамы деп белгилешибиз керек.

Эсседеги жогорку тизмеге кошулбаган дагы бир ой: “Адеп, ар бир кыргыз өз үйүндө Сагымбайдын “Манасын” ыйык жерге коюп, бир маал балдарына окутуп, өз элине улам соңку муунду күйүмдүү тарбиялоо үчүн кызмат кылуу керек” – деп айтылат. Бул – изги тилек, ар бир “Манастын” күйөрманынын көкүрөгүндөгү нерсе. Улуттук баалуулук өз деңгээлинде баалануга тийиш.

Ооба, жогоруда белгилегендей, эссе 1993-жылы жазылгандыгына көңүл бөлүүбүз керек. Ал мезгилде азыркыдагыдай ким көрүнгөн “Манасты” сөз кыла бергидей учур эмес эле. Эл адабияттан оолактап, күнүмдүк көр турмуштун көйгөйү менен алышып калган мезгил эле. Ушундай учурда Асан Жакшылыковдун аталган эсселеринин көбү жазылып, коомдо пикир жаратууга, элге жол көргөзүүгө, жаңы ойлорду сунуштоого көп эмгек кылган. Эсселеринин ар биринин баа-салмагы тууралуу мындан кем сөз айтууга мүмкүн эмес. Акындагы негизги өзгөчөлүк ал элге, коомго, мезгилге, а тургай Жаратканга айта турган сөзүн үч аспаптын аркасында – поэзия, эссе, аңгеменин жардамы менен ишке ашырган. Жазуучунун аңгемелери дагы тек гана окуялардын ирээтинен курулган көркөм чыгармалар эмес, Ар биринде терең ой, өзү жашаган доордун картинасы, адамдардын образы, кулк-мүнөзү, психологиясы, дүйнө таанымы, тандоосу, кыймыл-аракети, кайгы-кесирети, кубанычы, ишеними жана үмүтсүздүгү бар.

Ырларына батпай, эсселерине агылып, андан ашып-ташкан ойлор аңгемелеринде камтылган. Айырмасы ал элет аңгемелеринин окурмандар тарабынан кабылданыш жаатында абдан жеңилдиги, элпектиги, жугумдуулугу, юморго байлыгы, ачуу чындыкты иронияның, сарказмдын

күчү менен берип, көркөм тропторду эң ийгиликтүү колдонгон өзгөчөлүгү менен байланыштуу.

Акын эсселериндеги ойлорун өз кезегинде поэзиясында дагы чагылтат. "Манас жөнүндө ой толгоо" деген ыры буга мисал:

"Эх, элдин ишеними –
Жети атаңдын сөөгү жаткан ЖЕРди сага табыштайт,
кары катмар мөңгү болгон БЕЛди сага табыштайт,
кайгыга да муюбаган ДЕМди сага табыштайт.
БИЙЛИК деген болгон эмес мансапкордун талашы.
Ар бир элдин, ар бир доордо
чыкса кана МАНАСЫ!" [Жакшылыков А. "Манас жөнүндө ой толгоо" ыры. Тандалган чыгармалардын. I томдугу.- Бишкек: Кыргызстан, 1999.]

Ырдан жана ага чейинки эссесинен көрүнүп тургандай, "Манаска" келгенде акындын чабыты кенен. Ал бир гана "Манас" дүйнөсүн эмес, кыргыз дүйнөтаанымынын башка көрүнүштөрүн дагы ушундай эле эркин сөзгө алат. Айталы, кыргыздын комузу тууралуу. Бул өңүттө акындын "Комуз" аттуу салмактуу поэмасы бар. Мындан тышкары 1994-жылы Арстанбектин 170 жылдыгын белгилөөнүн алдында жазган "Кыргыз элинин алп акыны – Арстанбек" эссесин жана залкар комузчулар Чалагыз менен Карамолдо тууралуу ойлорун айтууга болот. Элдин адабий, маданий тарыхы тууралуу жасалган бул изилдөөлөр ички муктаждыктын, чыгармачылык мыйзам ченемдин чегинде жүргөнүн белгилегенибиз оң. Арстанбек тууралуу эссеси жазылган өткөөл учурда коомдо маданиятка да, адабиятка да көп көңүл бурулбай, залкар адамдардын чыгармачылыгы унутта калып, адабият аксап турган учур болгон. Мезгилге атаандашкансып Арстанбек комузчунун чыгармачылык жан дүйнөсүнүн майда деталдарына чейин тереңдете ачып, акын атуулдук милдетин жакшы аткарган. "Кыргыз элинин алп акыны – Арстанбек" аттуу эсседен автордун Арстанбекке байланыштуу материалдарды кылдат иликтеп чыкканы байкалат.

Так ушундай эле жазуучулук көрөгөчтүк А.Жакшылыковдун "Рамис жөнүндө сөзүндө" даана көрүнөт:

**1.** Автор эссесинде Рамистин кебете-кешпирин, мүнөзүн, кылык-жоругун, кыймылын, баскан-турганын келиштире сүрөттөп, адабияттагы Рамис Рыскуловдун образын чоң сүрөткерлик менен баяндап берген.

**2.** Андагы өзгөчөлүктү а) өзүнүн табиятындагы башталмаларды, б) Москва өңдүү баш калаадан алып келген маданиятты белгилейт.

**3.** Рамистин "өздөштүрүү" өнөрканасын чечмелейт.

**4.** Рамистин "мектеби" тууралуу сөз кылат.

**5.** Р.Рыскулов кыргыз адабиятында "кайра куруну" белсенип баштаган абройлуу акыныбыздын бири катары мүнөздөлөт.

**6.** Р.Рыскулов гуру, дербиш, календерлер менен бир катарда каралат.

**7.** Рамистин поэзиясына адилет баа берилет: "Анын ал турсун бир да ыр сабын жазгырып келип, өз короoңо кошуп кое албайсың. Мен "Рамистин ырымын" деп "маараганы маараган". А балким, Рамистин ушул эле ырларын бөлөк акын жазганда, ким билет, ийгилик түгүл, өмүр бою чала-чарпыттыгы

үчүн жыргаган сөз укпай, адабиятта суук тумшук болуп өтмөк" "Жазган ырларын карап олтурсаң, төрт сабы төрт жакка кетип, бир карасаң, Рамисти деле сөз өнөрүнө жакындата турган адам эмес, уйкаштыгы өтө чоркок, өтө чабал, мындайча айтканда ал антиакын"

**8.** Атайын музыка чыгарбаса дагы "өзүн Бетховенден кем сезбеген" музыканттыгы тууралуу сөз кылат.

**9.** Р.Рыскуловдун сүрөт өнөрүндөгү өзгөчөлүгү айтылат.

**10.** Бийчи катары сүрөттөлөт.

**11.** Рамистин замандаш калемгерлери менен мамилелери сүрөттөлөт.

**12.** "Кедей туруп байдай шайдоот жүргөн" адамдык сапаттары анализденет. "Поэзиянын ыйык деңгээлинде мамиле-ымала кылганды билген, "кыргызчылыктан" жогору чыгып кеткен адам" катары бааланат.

Чындап эле аталган эссе – А.Жакшылыковдун агынан төгүлүп, бүт дитин, сүрөткерлик мүмкүнчүлүгүн короткон чыгармасы. Р.Рыскуловдон тышкары Ж.Мамытовдун, Б.Сартовдун, Пушкиндин, К.Сыдыкованын, Ш.Дүйшеевдин поэзиясынын, прозасынын өзгөчөлүктөрүн ачкан табылгасы бай изилдөө эсселери бар. Чыгармачылык жөрөлгөлөрүн баалап Асан Жакшылыков аларды даңазалаганы бекеринен эмес. Булардын өнөрү аркасында кыргыз эли улут катары сакталып келе жатабыз.

## Жыйынтык

Бул диссертациялык изилдөө XX кылымдын 70-жылдары кыргыз адабиятына ыр китеби менен баш баккан, поэзияда эркин ыр (верлибр) формасын тажрыйбалаган жаңычыл акын Асан Жакшылыковдун чыгармачылыгын ар өңүттөн талдоого арналган. Акын 50 жыл ичинде чакан лирикалык ырлардан тартып ыр түрмөктөрдү, поэмаларды, ыр менен жазылган романды, эссе-публицистикаларды, аңгемелерди жаратты. Аларды жаратууда эволюциялык өсүш, идеялык-тематикалык, поэтикалык-стилдик жактан изденүү бар. Орус жана дүйнөлүк адабият үлгүлөрүнүн акындын чыгармачылыгына, поэтикалык-көркөмдүк изденүүлөрүнө тийгизген таасирин, ошондой эле ар кайсы убакытта адабиятчылардын, сынчылардын, изилдөөчүлөрдүн көңүл чордонунда болуп, ар кандай баалар берилип келгендигин карап чыгып, иштин аягында төмөндөгүдөй тыянактарга келдик:

**1. Асан Жакшылыков – жаңычыл, өзүнүн жекече стили бар, ар тараптуу акын.** Акындын чыгармачылык башаты 70-жылдарга таандык. Кыргыз адабиятындагы ал мезгилде жүргөн мазмундук, формалык изденүүлөр Асан Жакшылыковдун чыгармачылыгына өз таасирин берип, аны акын катары калыптандырды. Ал "эркин ырды" (верлибрди) тажрыйбалаган акын катары адабият босогосун аттады. Буга " Таңдын ырахаты" (1969), "Улуу шашке" (1977), "Бейпил көктөм" (1979), "Белес" (1981), "Ыклас" (1985), "Ыр сонатасы" (1989) ж.б. китептериндеги ырлар кирет. Кийин 1999-жылы "Тандалган чыгармалар" аттуу 5 томдукту окурмандарына сунуштаган. Акындын лирикалары тематикалык жактан патриоттук маанайда жазылып, мекенди сүйүү, эне-тилин, эл-жерин көздүн карегиндей сактоо, өзүнүн

жарандык милдетин аткаруу, чакырык таштоо жана реалдуу турмушту чагылдыруу милдеттерин ишке ашырууга багыт алганы сезилет.

**2. Асан Жакшылыков – балдар акыны.** Акын өз чыгармачылыгында балдар үчүн “Жайлоодо”, “Санат үйрөнүү”, “ Балбан” өңдөнгөн ондогон ырларын жазган. “Жазгы байыр” ыр жыйнагы (1995) жарык көргөн. Мындагы ырлар балдар адабиятында мазмундук, стилдик, көркөмдүк, тарбия берүүчүлүк, билим берүүчүлүк жүктү көтөрүп, милдетти аткарат.

**3. Асан Жакшылыков – акын-песенник.** Анын ондогон ырларына обон жазылып, эстрада жаатында “Роза гүлү”, “Махабат жылдызы”, “ Жылдыздар берметтей жааса төгүлүп”, “Жалгыз ак кайың”, “Таалайым ай, Таалайым”, “Кыздын сыры”, “Бийле жигит” ж.б. ырлары ырдалып, элдин жүрөгүнөн орун алган. Булардан башка да ондогон романстары өз угармандарын тапкан.

4. **Асан Жакшылыков – эпик акын.** Өзүнүн чыгармачылыгында чоң жанрда – поэмада дагы Асан Жакшылыковдун кыргыз адабиятына кошкон салымы зор. “Ыр чабыт” (2005) китебине 20 поэмасы кирген. Байыркы кыргыздардын көчмөн турмушу, кыргыз адамынын алгачкы ирет комуз кармаган мезгили ж.б. баяндалган. Алар: “Адам ата баяны”, “Топон суу жана тайгак жол жөнүндө баллада”, “Макмал төр”, “Комуз” поэмалары, “Көкөй кести” драмасы. “Үркүн”, “Каниет” поэмалары, Улуу Ата мекендик согушту чагылдырган “Мээрим” романы көркөмдүк-идеялык, тематикалык жактан бири-бирин улайт.

**5. Асан Жакшылыков – прозаик.** Акын Жакшылыковду прозачы Жакшылыковго өтүү эволюциясы эгемендүүлүктү алган 1990-жылдарга туура келет. 1999-жылы жарык көргөн “Тандалган чыгармалар” китебинин IV томуна “Сый”, “ Сейдикерим”, “ Мүчө”, “ Карагайчылар”, “Даңкилдин ооматы” ж.б. аңгемелери кирип, кийин “Ыр дүйнө жана элет аңгемелери” (2005), “Элет аңгемелери” (2020, жалпы – 39 аңгеме) жарык көргөн. Аңгемелеринин идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүгү, сюжет куруу бөтөнчөлүгү көп адабият адистеринин көңүлүн бурган. Аларда жазуучу эн негизги жүктү чыгармадагы каарманга ыйгарып, мүнөздөрдүн кагылышын да, каармандардын эмоциялык-психологиялык абалын да, сюжеттик киришүү, окуялардын өнүгүү, чечмелениш жыйынтыктарын да күтүлгүс кылып, өзү чыгарат. Аңгемелеринде жазуучу диалог, портреттик жана пейзаждык сүрөттөлөр дегендерге аз кайрылган, бирок сөздөрдү максаттуу пайдаланганын көрөбүз. Аңгемелериндеги көтөрүлгөн проблемалар, окуялар юмордун, сатиранын аспабы аркылуу берилген. Прозаиктин элет жыттанган ангемелери окурмандарга кыргыздын айыл турмушундагы реалдуулукту, каада- салт, үрп-адат тууралуу таалим-тарбияны берүүгө арналган.

**6. Асан Жакшылыков – эссеист жана публицист.** Эссе жанры кыргыз адабиятында башка жанрлар сыяктуу түптөлүп, калыптанып, тамырын жайып ийген эмес. Ал орус адабиятынан, ал эми орус адабиятына дүйнөлүк адабияттан келген “чоочун” жанр. Ага үндөш, мазмундаш, жакын келген публицистиканын адабият менен журналистиканын ортосундагы ортомчу жанр катары жазылып келаткандыгы белгилүү болсо дагы, өз жазгандарына “эссе” деген аныктама берип, максаттуу чыгармачылык кылган саналуу

жазуучулардын бири Асан Жакшылыков болду. Анын лирикаларында көрүнө калчу прозаизм эми сөздүн түз маанисиндеги прозага айланып, аңгемелери менен катар ”Манасчы Сагымбай улут рухун кармаган күч”, “Эл даанышманы”, “ Рамис жөнүндө сөз”, “ Тамыры жайылган өмүр” сыяктуу ондогон эсселери окурмандарга өз жүзүн таанытты. Ал эми өзүнчө китеп болуп “ Эстутум” (2005), “Кыргыз жолу” (2006), “Кыргызчылык” чыкты. Жазуучунун эссе-публицистикаларында көтөрүлгөн проблемалар кыргыз улуттук каада-салтына, ырым жырымдарга, кыргыздын кылымдардан бери келе жаткан ишенимдерине арналып, жаңы ойлор айтылган. Ар бир эссеси эмоционалдык эргүү менен жазылган.

7. **Асан Жакшылыков – коомдук ишмер, манас таануучу.**

Асан Жакшылыков чыгармачылык менен бирге эле мамлекеттик кызматтарды аркалап келген. 1986-жылы СССР Жазуучулар союзунун адабий фондусунун Кыргызстандагы бөлүмүнүн директорлугуна бекиген. 1991-жылы IX Курултайда Кыргызстан жазуучулар союзунун биринчи катчысы болуп шайланган, жана башка көптөгөн кызматтарды аркалап, адистик ишмердигиндеги, башка турмуштук көйгөйлөрдү чыгармаларында чагылдырган. Коомдук ишмер катары А.Жакшылыков бүгүнкү күндө жетектеген “Манас-эл” коомунун түптөлүшүнө 10 жылдын жүзү болуп, “Манастын” тегеретесинде көп иш-чараларды ишке ашырып, манасчылыктын өнүгүшүнө салым кошуп келатат. Акындын “Манас жөнүндө одасы” – “Манасты” даңазалоонун дагы бир көрүнүшү. Мындан тышкары Кыргыз радиосунда Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча 1-китеп (1976-ж. - Ф.: Кыргызстан), 2-китеп (1980-ж.), 3-китеп (1981-ж.); Саякбай Каралаевдин айтуусундагы “Семетей” (1987-ж.), “Сейтек” (1959-ж.) варианты боюнча эки жыл бою (2007-2008-жылдары) радио берүүлөрдү даярдап, угармандарга тартуулаган жана эпостун мазмунундагы нерселерди жөнөкөй тил менен чечмелеп түшүндүргөн.

**Диссертациянын негизги жоболору төмөнкү макалаларда чагылдырылган:**

1. **Кайыпова, К.Ө.** Кыргыз адабиятындагы А.Жакшылыковдун чыгармаларынын жанрдык башаты [Текст] / К.Ө. Кайыпова // БГУнун Жарчысы. - №1(35). – Бишкек, – 2016. – 124-126-бб.

2. **Кайыпова, К.Ө.** А.Жакшылыковдун чыгармачылыгындагы жанрлык көп түрдүүлүк жана универсалдык жаратмандык [Текст] / К.Ө. Кайыпова // - БГУнун Жарчысы. - №1(36). – Бишкек. – 2016. – 59-60-бб.

3. **Кайыпова, К.Ө.** "Манас" эпосун жайылтууда Асан Жакшылыковдун орду [Текст] / К.Ө. Кайыпова // НМУнун Жарчысы. – №4. – Нарын. – 2016. 209-210-бб.

4. **Кайыпова, К.Ө.** Место Асана Жакшылыкова в жанре эссе и публицистике [Текст] / К.Ө. Кайыпова // Интернаука. – №10(49). – Москва.- 2016. –37- 42 стр. https://elibrary.ru/item.asp?id=27166611

5. **Кайыпова, К.Ө.** А.Жакшылыковдун адабияттагы жанрдык биргеликтери жана чыгармачылык башаты туурасында [Текст] / К.Ө. Кайыпова // Дене тарбия жана спорт Жарчысы. - № 1(13). – Бишкек, – 2016. 115-119-бб. https://elibrary.ru/download/elibrary_28407158_25281655.pdf

6. **Кайыпова, К.Ө**. Асан Жакшылыков – лиро-эпик акын [Текст] / К.Ө. Кайыпова // И.Арабаев атындагы кыргыз мамлекеттик университетинин Жарчысы. – 2016. – 65-67-бб.

7. **Кайыпова, К.Ө.** Асан Жакшылыковдун поэзиядагы лирикалуулугу [Текст] / К.Ө. Кайыпова // И.Арабаев атындагы кыргыз мамлекеттик университетинин Жарчысы. – 2016. – 63-65-бб.

8. **Кайыпова, К.Ө.** Асан Жакшылыковдун "Сейдикерим" аңгемесиндеги нукуралуулук [Текст] / К.Ө. Кайыпова // И.Арабаев атындагы кыргыз мамлекеттик университетинин Жарчысы. – 2017. – 97-99-бб.

9. **Кайыпова, К.Ө.** Акын Асан Жакшылыковдун чыгармачылыгында салттуу "Салбуурун" аңчылыктын орду [Текст] / К.Ө. Кайыпова // Эл аралык илимий-практикалык конференциясынын материалдарынын жыйнагы. – Чолпон-Ата. Кыргыз-Түрк" Манас" Университети. – 2017. – 203-205-бб.

10. **Кайыпова, К.Ө.** Спорт жаатындагы студенттерге А.Жакшылыковдун "Сейдикерим" аңгемесин окутуунун тарбиялык мааниси [Текст] / К.Ө. Кайыпова// И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык Университетинин Жарчысы. – 2017. – 188-191-бб.

11. **Кайыпова, К.Ө.** Развитие колорита, принадлежащего менталитету кыргызского народа, в рассказах Асана Жакшылыкова [Текст] / К.Ө. Кайыпова// Сборник статей по материалам VIII международной научно-практической конференции – №8 (8). – Москва. – 2017. – 83-88-бб. https://elibrary.ru/item.asp?id=31742158

12. **Кайыпова, К.Ө.** Асан Жакшылыков, Василий Шукшин: Окшоштуктар, айырмачылыктар [Текст]/ К.Ө. Кайыпова// Ала-Too Academic

Studies. – 2017. - №4. – 124-126-бб. https://elibrary.ru/download/elibrary_34917374_41656777.pdf

13. **Кайыпова, К.Ө.** Асан Жакшылыковдун “Чыңгыз Айтматовго аза балладасынын” идеялык өзгөчөлүгү [Текст] / К.Ө. Кайыпова // И.Арабаев атындагы кыргыз мамлекеттик университетинин Жарчысы. – 2018. - 1-бөлүк, -82-84-бб.

14. **Кайыпова, К.Ө**. Асан Жакшылковдун “Даңкилдин ооматы” аңгемесиндеги типтүү образдын берилиши [Текст] / К.Ө. Кайыпова // Сборник материалов Международной научно-практической конференции. – Уфа, 14 октября 2020 г. –146-149-бб.

15. **Кайыпова, К.Ө.** Асан Жакшылыковдун “Тамыры жайылган өмүр” эссесинде комузчулук өнөрдүн өзгөчөлүгү [Текст] / К.Ө. Кайыпова // Известия ВУЗов Кыргызстана. – 2020. - №8. – 244-247стр.

16. **Кайыпова, К.Ө.** Асан Жакшылыковдун “аңгемелеринин идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүгү жана поэтикасы [Текст] / К.Ө.Кайыпова // Известия ВУЗов Кыргызстана. – 2020. - №6.

**Кайыпова Кенже Өмүровнанын "Асан Жакшылыковдун проза жанрындагы изденүүлөрү" деген темадагы 10.01.01 - кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илиминин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын**

## РЕЗЮМЕСИ


**Түйүн сөздөр:** адабият, проза, элет аңгемелери, эссе, жазуучу, каарман, образ, чыгарма, маданият, жанр, адабий сын, изденүү.

**Изилдөөнүн объектиси:** Кыргыз Республикасынын эл жазуучусу Асан Жакшылыковдун аңгемелери жана эсселери, анын бул жанрлардагы чыгармалары тууралуу изилдөөлөр, адабий сындар жана макалалар.

**Изилдөөнүн максаты:** XX кылымдын 70-жылдары адабиятка келген жазуучунун чыгармачылыгын, анын аңгемелери менен эсселерин изилдөө, алгач адабиятта акын катары таанылган калемгердин поэзиядан прозага өтүү мыйзам ченемдүүлүктөрүн аныктоо. Асан Жакшылыковдун проза жанрындагы чыгармаларын изилдөө менен дегеле ошол мезгилдеги улуттук адабияттын абалын көз алдыга тартуу.

**Изилдөөнүн методдору:** тарыхый, салыштырма, аналитикалык.

**Алынган жыйынтыктар жана анын жаңычылдыгы:** Асан Жакшылыковдун проза жанрындагы чыгармалары биринчи жолу изилденип, ар тараптуу бааланып, системалаштырылды.

**Колдонуу боюнча сунуштар:** Асан Жакшылыковдун аңгемелери менен эсселерин мектептердин, орто кесиптик жана жогорку окуу жайлардын окуу программаларына киргизүү.

**Колдонуу чөйрөсү:** Изилдөөнүн жыйынтыктарын жана материалдарын А.Жакшылыковдун чыгармачылыгын окутууда, XX кылымдын 60-70-жылдарында адабиятка келген муундун чыгармачылык тажрыйбасын ачып берүүдө, студенттерге курстук, дипломдук, магистрлик иштерди жаздырууда, атайын курстарды өтүүдө, окуу куралдарын даярдоодо колдонууга болот

## РЕЗЮМЕ

**диссертационной работы Кайыповой Кенжегуль Омуровны “Творческие поиски Асана Джакшылыкова в жанре прозы» на соискание ученой степени кандидата филологических наук по специальности 10.01.01 – кыргызская литература**

**Ключевые слова:** литература, проза, деревенские рассказы, эссе, писатель, персонаж, образ, произведение, культура, жанр, критика, поиск.

**Объект исследования:** рассказы и эссе народного писателя Кыргызской Республики Асана Джакшылыкова, критические и литературоведческие исследования об его произведениях в этих жанрах.

**Цель исследования**: исследовать творчество А. Джакшылыкова, пришедшего в литературу в 70-е годы XX века, изучить его рассказы и очерки, выявить закономерности перехода от поэзии к прозе данного писателя, известного публике как поэта. Изучить творчество А.Джакшылыкова в жанрах прозы и получить представление о картине национальной литературы этого периода в целом.

**Методы исследования:** Историко-сравнительный, аналитический.

**Результаты и новизна:** Произведения Асана Джакшылыкова в жанре прозы впервые рассмотрены, всесторонне оценены и систематизированы.

**Рекомендации к применению:** включить рассказы и эссе Асана Джакшылыкова в учебники и пособия школ, средних профессиональных и высших учебных заведений.

**Область применения**: Результаты и материалы исследования могут быть использованы для изучения творчества А.Джакшылыкова, для раскрытия творческого опыта поколения, пришедшего к литературе в 60-70-е годы XX века, для написания курсовых, дипломных работ, магистерских диссертаций, разработки спецкурсов, составления учебников.

# RESUME

**dissertation work Kayipova Kenzhegul Omurovna “Creative searches of Asan Dzhakshylykov in the genre of prose» for the degree of candidate of philological sciences in specialty 10.01.01 - Kyrgyz Literature.**

**Key words:** literature, prose, village stories, essays, writer, character, image, conjuration, culture, genre, criticism, search.

**Object of research:** Stories and essays by the national writer of Kyrgyz Republic Asan Dzhakshylykov, research, criticism, articles about his works in these genres.

**Purpose of research**: Explore the work of the writer who came to literature in the 70s of the XX century, his stories and essays, to determine the patterns of translation from poetry to prose, first known to the public as a poet. To explore the work of A.Dzhakshylykov in the genre of prose and imagine a picture of the national literature of this period as a whole.

**Research methods:** Historical and comparative, analytical.

**Result and novelty:** The works of A.Dzhakshylykov in the genre of prose are considered for the first time, comprehensively evaluated and systematized.

**Recommendations for use:** Inclusion of stories an essays of A.Dzhakshylykov in textbooks and manuals of schools, secondary vocational and higher educational institutions in accordance with their age.

**Scope**: The results and materials of the research can be used to study the creativity of A.Dzhakshylykov, to reveal the creative experience of the generation who came to literature in the 60-70s of the twentieth century, to write a term, diploma, master’s thesis special courses, textbooks.